Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун
Окумуштуулар Кеңешинин
жыйынында каралды, протокол № 5
31 01 2025-ж.

БЕКИТЕМ
Б.Осмонов ат. ЖАМУнун ректору
Ы.Ж. Үсенов
202_-ж.

# Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин билим берүү программаларынын рейтинги жөнүндө жобо

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Жалал-Абад мамлекеттик университетинин билим берүү программаларынын рейтинги жөнүндө жобо (мындан ары – Жободо) 2023-жылдын 11-августундагы "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөттүн 2012-жылдын 29-майындагы № 346 "Кыргыз Республикасынын жогорку жана кесиптик орто билим берүү уюмдарынын ишин жөнгө салуучу токтомунун (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 22-майындагы №258, 2024-жылдын 27-сентябрындагы №590 чыккан токтомдору менен), ЖАМУнун уставынын жана Кыргыз Республикасындагы ЖОЖдордун рейтинги жөнүндө жобонун негизинде иштелип чыккан.

1.2. Бул Жобо Жалал-Абад мамлекеттик университетинин бюджеттик же бюджеттен тышкаркы негизде даярдоонун бардык багыттары (адистиктери) боюнча ББП рейтингинин критерийлерин жана тартибин аныктайт.

1.3. ББП рейтинги билим берүү программалары ишке ашырылып жаткан факультеттердин расмий маалыматтарынын негизинде Жободо көрсөтүлгөн көрсөткүчтөр боюнча рейтинг аркылуу алынган маалыматтарды системалаштыруунун натыйжасы болуп саналат.

1.4. Билим берүү программаларынын рейтинги алардын сапатын, финансылык туруктуулугун, атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу жана билим берүү программаларын андан ары ишке ашыруунун максатка ылайыктуулугу жөнүндө чечимдерди кабыл алуу максатында аларды салыштырма баалоо үчүн жүргүзүлөт

## 2. ББП рейтингинин көрсөткүчтөрү, рейтинг үчүн баштапкы маалымат

2.1. Билим берүү программаларынын рейтингин эсептөө үчүн көрсөткүчтөрдүн 8 тобу колдонулат (1-тиркемени караңыз):

- ББПна суроо-талап;
- таланттуу студенттердин, окутуучулардын жана илимий кызматкерлердин жогорку концентрациясы;
- академиялык мобилдүүлүк;
- бүтүрүүчүлөрдүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү;
- иш берүүчүлөр менен кызматташуу;
- -адистик боюнча окутуучулардын илимий басылмаларынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү;
- басма ишмердүүлүгү;
- коомдук иштер жана ББПнын бренди.

2.2. Көрсөткүчтөрдү эсептөө ЖАМУнун лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты бөлүмүнө (мындан ары – ЛАББСБ) кафедра башчылары жана факультеттин декандары тарабынан берилген алгачкы маалыматтардын негизинде жүргүзүлөт.

2.3. Баштапкы маалымат 1-тиркемеде келтирилген формага ылайык ар бир профил/адистик боюнча даярдоо багыттары боюнча басып чыгарылган жана электрондук түрдө берилет.

**3. ББПнын рейтингинин жыйынтыктарын баалоо**

3.1. Рейтингдин жыйынтыктарын баалоо үчүн ББПнын рейтингдик комиссиясы түзүлөт (мындан ары - комиссия).

3.2. Лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты бөлүмү факультеттердин кафедра башчылары тарабынан берилген маалыматты баштапкы маалыматка карата билим берүү программаларынын жыйынды рейтингин эсептеп, ББП алган баллдардын санынын азаюу тартибинде чыгарат.

3.3. Кафедралардын жетекчилери билим берүү программасы боюнча маалыматтарды өз убагында бербесе, нөлдүк баа берилет.

3.4. ББП рейтингинин алдын ала жыйынтыктары лицензиялоо, аккредитациялоо жана билим берүүнүн сапаты бөлүмү тарабынан комиссия мүчөлөрүнө жөнөтүлөт.

3.5. Комиссия ББП рейтингинин жыйынтыгын талдайт. Рейтингдин жыйынтыгы боюнча ББП эң төмөнкү жыйынтыктары ЖАМУнун Административ-дик кеңешинин кароосуна берилет.

3.6. Жаңы ББП студенттердин биринчи бүтүрүүсүнөн кийин рейтингге катыша алышат.

3.7. Жаңыдан ушул окуу жылында ачылган, бирок кабыл алуу компаниясынын жыйынтыгы боюнча студенттерди кабыл албаган жаңы ББП рейтингге нөл рейтинги менен катышат.

3.8. Рейтингдин жыйынтыгы жана комиссиянын сунуштары Административдик кеңештин отурумунда талкууланат жана ЖАМУнун ректору тарабынан бекитилет.

3.9. ББП рейтингинин жыйынтыгы боюнча эң көп балл топтогондор ЖАМУнун 1, 2, 3-даражадагы дипломдору жана башка кызыктыруучу сыйлыктары менен сыйланышат.

3.10. Бекитилген рейтингдин жыйынтыгы жана ББП тизмеси AVN порталында жана университеттин расмий сайтында жайгаштырылат.

**4. Корутунду жоболор**

4.1. Жобо университеттин Окумуштуулар кеңешинин жыйынында талкууланат жана кабыл алынат.

4.2. Жобого киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор университеттин Окумуштуулар кеңешинин жыйынында талкууланат жана кабыл алынат.

Тиркеме 1

**Жалпы маалыматтар:**

Билим берүү багыты жана профили ______________________

(шифри багытын/адистиктин, профилдин аталышы)

Лицензиянын номери жана мөөнөтү ______________________

**Бакалаврларды/адистерди даярдоо үчүн негизги кесиптик билим берүү программалары үчүн рейтингдик көрсөткүчтөр.**

| Индикаторлор тобу | Баллар | Киргизилген маалыматтар | Толук аты-жөнү | Баллардын саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| **Билим берүү программасына суроо-талап** | | | | | |
| Кошумча билим берүү программаларынын саны | Угуучулардын саны х 1 балл | Лицензия номери жана мөөнөтү | | | |
| Чет тилинде ишке ашырылган окутуунун толук цикли менен билим берүү программалары | 1 программа х 50 балл | Адистиктин шифри жана лицензия номери | | | |
| Программалык аккредитациядан өткөн билим берүү программалары | 1 программа х 40 балл | Күбөлүктүн номери жана жарактуулук мөөнөтү | | | |
| Эл аралык аккредитациядан өткөн билим берүү программалары | 1 программа х 50 балл | Күбөлүктүн номери жана жарактуулук мөөнөтү | | | |
| **Таланттуу студенттердин, окутуучулардын жана илимий кызматкерлердин жогорку топтолушу** | | | | | |
| ***Студенттер*** | | | | | |
| Үстүбүздөгү окуу жылда ЖРТнын орточо баллы<br>110-130 б<br>131-160 б<br>161-190 б<br>191ден жогору | <br>10 балл<br>20 балл<br>30 балл<br>40 балл | | | | |
| Үстүбүздөгү окуу жылында алтын сертификаттын ээлери (тизмеси тиркелет) | адам х 50 балл | | | | |
| Президенттик стипендианттар (тизмеси тиркелет) | адам х 20 балл | | | | |
| ***Профессордук-окутуучу курам*** | | | | | |
| Окутуунун деңгээли:<br>- толук ставкадагы окутуучулардын жалпы саны (саны көрсөтүлөт):<br>- алардын ичинен илимий даражалуулар (пайыз | <br>адам<br><br>илимий даражалуулар: | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | менен): | 35%дан төмөн - 0 балл;<br>35-40% чейин - 20 балл;<br>40% жана андан жогору - 50 балл | | | | |
| . | Илимий даражасы барлардын ичинен илимдин доктору (тизме тиркелет) | адам х 50 балл | | | | |
| . | Илимий даражасы барлардын ичинен илимдин кандидаты (тизме тиркелет) | адам х 30 балл | | | | |
| . | Мамлекеттик сыйлыктардын лауреаттары (тизме тиркелет) | адам х 50 балл | | | | |
| . | Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын академиктери (тизме тиркелет) | адам х 50 балл | | | | |
| . | Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденттери (тизме тиркелет) | адам х 50 балл | | | | |
| . | КР Билим берүү жана илим министрлигинин быйылкы илимий долбоорлорунун жетекчилери (тизме тиркелет) | адам х 50 балл | | | | |
| . | Диссертациялык кеңештин мүчөлөрү (тизме тиркелет) | адам х 50 балл | | | | |
| . | Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын эксперттик кеңештеринин мүчөлөрү (тизме тиркелет) | адам х 50 балл | | | | |
| 0. | Билим берүү программасы боюнча квалификацияны жогорулатууну аяктагандыгы (учурдагы окуу жылы үчүн) (сертификаттардын тизмеси жана көчүрмөлөрү тиркелет) | адам х 10 балл | | | | |
| | **Академиялык мобилдүүлүк** | | | | | |
| | Ушул окуу жылында сабактарды берген жана окутулган адистик боюнча дисциплинадан экзамен алган чет өлкөдөн чакырылган окутуучу (профессор же PhD) (тизме тиркелет) | адам х 50 балл | | | | |
| | Ушул окуу жылында алыскы чет өлкөлөрдөгү университеттерде же илимий борборлордо илимий изилдөөлөрдү жүргүзгөн кафедранын окутуучусу | адам х 50 балл | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | (илимдердин доктору, илимдин кандидаты) (тизме тиркелет) | | | | | |
| | Берилген профилде/адистикте окуу планы боюнча дисциплинаны чет тилде окуткан чет өлкөлүк окутуучулардын саны (тизме тиркелет) | адам х 5 балл | | | | |
| | Республикалык долбоорлорду тартуу | долбоорлордун саны х 50 балл | | | | |
| | Эл аралык долбоорлорду тартуу | долбоорлордун саны х 80 балл | | | | |
| | Ушул окуу жылында бир семестр (же бир семестрден ашык) алыскы чет өлкөлөрдөн келип окуган студенттер (тизме тиркелет) | адам х 50 балл | | | | |
| | Ушул окуу жылында чет өлкөлүк университетте бир семестр (же андан көп) окуган адистиктин студенттери (тизме тиркелет) | адам х 50 балл | | | | |
| | Ушул окуу жылында бир семестр (же андан көп) окуган Кыргыз Республикасынын башка ЖОЖдорунун студенттери (тизме тиркелет) | адам х 20 балл | | | | |
| | Ушул окуу жылында Кыргыз Республикасынын ЖОЖдорунда бир семестр (же андан көп) окуган адистиктин студенттери (тизме тиркелет) | адам х 20 балл | | | | |
| | **Бүтүрүүчүлөрдүн атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү** | | | | | |
| | Өткөн жылындагы бүтүрүүчүлөрдүн саны: алардын ичинен ишке жайгашкандар (бюджеттен тышкаркы тайпалар үчүн, анын ичинде сырттан окуу бөлүмүнүн бүтүрүүчүлөрү кошулуп) | адам<br>50% чейин - 10 балл<br>51-75% -20 балл<br>76-100% -30 балл | | | | |
| | Окуууну артыкчылык диплому менен аяктаган бүтүрүүчүлөрдүн үлүшү (тизме тиркелет) | адам х 10 балл | | | | |
| | Окуу жана илимий иштердин жыйынтыгын өндүрүшкө киргизүү (өткөн жылдагы ишке киргизүү актысы тиркелет) | саны х 10 балл | | | | |
| | Эл аралык студенттик олимпиадалардын жеңүүчүлөрү саны (тизме тиркелет) | биринчи орун х 40 балл<br>экинчи орун х 35 балл<br>үчүнчү орун х 30 балл | | | | |
| | Республикалык студенттик олимпиадалардын | биринчи орун 30 балл | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | женүүчүлөрүнүн саны (тизме тиркелет) | экинчи орун х 25 балл<br>үчүнчү орун х 20 балл | | | | |
| | Студенттердин регионалдык олимпиадаларынын женүүчүлөрү саны (тизме тиркелет) | биринчи орун 20 балл<br>экинчи орун х 15 балл<br>үчүнчү орун х 10 балл | | | | |
| | **Иш берүүчүлөр менен кызматташуу** | | | | | |
| | Учурда өндүрүштө иштеп жаткан кафедранын окуу-усулдукк базалары (өндүрүштөгү филиалдар, окуу-илимий, өндүрүштүк борборлор ж.б.) | саны х 20 балл | | | | |
| | Иш берүүчүлөр менен конференцияларды, тегерек столдорду, семинарларды уюштуруу (бекитилген иш-чаралардын планы тиркелет) | саны х 30 балл | | | | |
| | Бүтүрүүчүлөрдүн катышуусу менен конференцияларды, тегерек столдорду, семинарларды уюштуруу (иш-чаранын программалары тиркелет) | саны х 30 балл | | | | |
| | **Окутуучулардын адистиги боюнча илимий басылмалардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү** | | | | | |
| | ISI Web of Knowledge, Thomson Reuters тарабынан Хирш индексине (h-index) ылайык басылмалар (учурдагы окуу жылы үчүн) (тизме тиркелет) | саны х 100 балл | | | | |
| | Scorpus боюнча Хирш индексине (h-index) ылайык басылмалар (учурдагы окуу жылы үчүн) (тизме тиркелет) | саны х 100 балл | | | | |
| | Штаттагы профессордук-окутуучулук курамдын жана кызматкерлердин диссертацияларын коргоо (үстүбүздөгү окуу жылы үчүн (тизме тиркелет):<br>- илимдин доктору –<br>- илимдин кандидаты –<br>- PhD - | <br><br><br>саны х 50 балл<br>саны х 30 балл<br>саны х 20 балл | | | | |
| | Патенттер (ойлоп табуулар, пайдалуу моделдер, өткөн жылдагы өнөр жай үлгүлөрү) (тизмеси тиркелет):<br>республикалык<br>Эл аралык | <br><br><br>саны х 50 балл<br>саны х 100 балл | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Басмадан чыгаруу ишмердүүлүгү (өткөн жыл үчүн)** | | | | | |
| Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин мөөрү (грифи) менен басылып чыккан окуу китептеринин саны (тизме тиркелет) | саны х 60 балл | | | | |
| Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин мөөрү (грифи) менен басылып чыккан окуу колдонмолорунун саны (тизме тиркелет) | саны х 50 балл | | | | |
| Жарыяланган монографиялардын саны (тизме тиркелет) | саны х 50 балл | | | | |
| **Учурдагы окуу жылында билим берүү программасынын жетишкендиктери жана бренди** | | | | | |
| Билим берүү программасы боюнча сыйлыктардын болушу (ISO ж.б. тышкы структуралардан алынган медалдар, дипломдор, ардак грамоталар, лабораторияга сертификаттар (документтердин көчүрмөлөрү тиркелет)) | саны х 100 балл | | | | |
| Эл аралык спорттук мелдештерде жана конкурстарда алган байгелүү орундардын болушу (олимпиадаларга, дүйнөлүк чемпионаттарга, Азия чемпионаттарына ж.б. катышкан жеңүүчүлөрдүн саны жана толук аты-жөнү көрсөтүлөт) | биринчи орун үчүн саны х 100 балл<br>экинчи орун үчүн саны х 75 балл<br>үчүнчү орун үчүн саны х 50 балл | | | | |
| Студенттердин Универсиадаларында, регионалдык спорттук мелдештерде жана конкурстарда алган байгелүү орундардын болушу (жеңүүчүлөрдүн саны жана аты-жөнү көрсөтүлөт) | биринчи орун үчүн саны х 50 балл<br>экинчи орун үчүн саны х 30 балл<br>үчүнчү орун үчүн саны х 10 балл | | | | |
| Университеттин расмий сайтында ББП сапат кепилдиги жөнүндө маалыматтын болушу (иш-чаранын программасын жана электрондук маалымат каражаттарында видео жазууну камсыз кылуу менен) | саны х 5 балл | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | ММКдагы ББП жөнүндө жооптор, сын-пикирлер жана комментарийлер (булактарды көрсөтүү менен):<br>- оң<br>- терс | саны x 5 балл<br>саны x -5 балл (жалпы баллдан) | | | | |
| | Өткөн жылы бюджеттен тышкаркы негизде биринчи курска абитуриенттерди кабыл алуу | саны x 2 балл | | | | |

***Эскертүү:***

- 2.2.10-пунктуна ылайык ЖАМУнун Кадрларды кесиптик өнүктүрүү институту аркылуу алынган сертификаттар гана эске алынат.
- эгерде кафедрада эки билим берүү программасы ишке ашырылса, анда профессордук-окутуучулар курамынын жалпы саны (анын ичинде илимий даражалуулар) экиге бөлүнөт.